| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН**<br>**КОЧКОР-АТА КОЛЛЕДЖИ** | **МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**<br>**КОЧКОР-АТИНСКИЙ КОЛЛЕДЖ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА** |

# Кочкор-Ата колледжинин административдик кеңешинин чечими (2022-2023- окуу жылы)

**№ 14**

27.03.2023-жыл Кочкор-Ата шаары

Төрайымы- Назарбаева Б.С.
Катчысы- Джумабаева Э.А.

**Мүчөлөрү:**
Кадыралиева В.А, Сатымкулова Ф.А, Эргешова О.К, Каримов Д.З., Хамракулова Ш.Х. Каримов Н.Н., Абдураимова Г.У.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Окуу процессинин жүрүшү жөнүндө (Сатымкулова Ф.А.)
2. КАКтын 3-курсунун студенттеринин калдык билимин текшерүү максатында онлайн тест жүргүзүүнүн отчету жөнүндө.(Ф.А.Сатымкулова)

УГУЛДУ:

**1-маселе боюнча** Сатымкулова Ф.А. төмөнкүлөргө токтолду: күндүзгү окуу жана сырттан окуу формасы боюнча негизинен модулдар жүргүзүлүүдө. 3-курстар мамлекеттик практикага чыгышты.

Күндүзгү окуу бөлүмү боюнча сабакты көп үзгүлтүккө учураткан студенттер азырынча жок.

**2-маселе боюнча** Ф.А. Сатымкулова токтолду: Адистиктер боюнча тиешелүү окутуучулар тарабынан тесттер түзүлүп 3- курсттун студенттердин калдык билимин текшерүү жүргүзүлүп, андан алдыңкы жыйынтык менен салыштырылды.

Мониторингге жалпы 9 тайпадан 156 студент катышуу керек эле катышкандардын саны **135** студентти түзгөн. Жалпы катышуу **86,5%** түзөт. Ал эми абсолюттук жетишүү **67,4%**, сапаттык жетишүү **45,5%** түзгөн (Таблица №1) таблицада көрүнүп тургандай мониторингге 8 адисттик боюнча 3 курстун 135 студенти катышкан.

Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (графика жана дизайн) катышуусу 84,2 %, билим сапаты 78,9%, Башталгыч класстын мугалими адистиги боюнча катышуусу 91,7%, билим сапаты 55,6% , Мектепке чейинки билим берүү адистиги боюнча катышуусу 88,9% , билим сапаты 66,7% , Мунайзат жана газ чыккан жерлерди эксплуатациялоо жана иштетүү адистиги боюнча катышуусу 92,3%, билим сапаты 77%, Нефтини жана газды кайра иштетүү адистиги боюнча катышуусу 77,2%, билим сапаты 56,6% , Транспорттордун электр жабдыктарын жана автоматикасын тейлөө адистиги

боюнча 100%, билим сапаты 62,5%, Экономика жана бухгалтердик эсеп-кысап адситиги боюнча катышуусу 100%, билим сапаты 81,8%, Мунайзат жана газ кендерин бургулоо адистиги боюнча катышуусу 83,3%, билим сапаты 75% пайызды түздү.

Жыйынтык көрсөткөндөй студенттердин катышуусу жакшы, ал эми билим сапаты 50 пайыздан жогорку көрсөткүчкө жетишкен.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап административдик кеңеш төмөнкүдөй**
**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Лицензиялоо, акредициялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмү тарабынан студенттердин калдык билимин текшерүү максатында жүргүзүлгөн мониторингдин отчету эске алынсын.
2. 3-курстардан алынган тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча билим сапаты “канааттандыраарлык” деп белгиленсин.
3. Күзгү семестирдеги өтүлгөн дисциплиналар боюнча студенттердин калдык билимин текшерүүдөгү маалымат бөлүмдүн жыйынында каралып, талкууланып, тиешелүү иш-чара иштелип чыксын.
4. Компьютердик уюлдар,
   Педагогиканын негиздери,
   Атайын педагогика жана психологиянын негиздери
   Нефть өндүрүшүнүн жабдуулары
   Нефти жана газдын химиясы жана технологиясы
   Автосервис
   Бюджеттик жана бюджеттик эмес уюмд.эсеп.
   Бургулоочу машина предметтери боюнча экинчи жарым жылдыкта кошумча сабактар коюлуп, жаңы усулдар менен терендетип окутуу предметтик окутуучуларга милдеттендирилсин.
   “Бюджеттик жана бюджеттик эмес уюмд.эсеп.” предмети, анын тарыхы, өнүгүшү боюнча студенттер арасында тегерек стол өткөрүү Г.Абдураимовага милдеттендирилсин.
   “Компьютердик уюлдар” предмети боюнча студенттер арасында интерактивдүү досканы колдонуу менен көргөзмөлүү сабак өткөрүү Д.Исмановага милдеттендирилсин.

5. Мониторингдин анализинин негизинде студенттердин билим сапатын жогорулатуу максатында окутуу инновациялык технологияларды колдонуу менен жүргүзүү күчөтүлсүн.

Кеңештин төрайымы Б.С Назарбаева

Катчысы Э.А.Джумабаева